БЕКИТЕМИН
Мектеп директору
28.01.2021 ж.

А.Тилекеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин парламенти жөнүндө
ЖОБО

1 Жалпы жоболор

1.1. Мектеп парламенти –өз укуктарына жана милдеттерине карата аң-сезимдүү жана жоопкерчиликтүү мамилени калыптандыруучу, өзүн-өзү башкаруучу орган.
1.2. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюму өз ишинде “ Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө” Мыйзамын, БУУнун Баланын укуктары жөнүндө Конвенциясынын мектептин Уставын, ошондой эле ушул Жобону жана мектептин жергиликтүү укуктук актыларын жетекчиликке алат.
1.3. Мектептин окуучулар жамаатынын жогорку органы-мектептин парламенти, ал мектептин лидери- президенти башында турат.
1.4. Мектептин парламентин окуучулар тарабынан шайланган президент башкарат.
1.5. Мектептин парламенти министрликттерден турат, министрлер башында турат.
1.6. Башталгыч класстын окуучулары ( 1-4-класстар ) ар кандай мектептик жана класстан тышкары иш–чараларга катышуу аркылуу мектеп парламентинин иши менен таанышаат.
1.7. Мектептин орто деңгээлинин окуучулары ( 5-9-класстар ) ар кандай иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышат.

2. Мектепти башкаруунун максаты жана милдеттери

2.1 Иш-чаранын максаты окуучулардын билим берүү мекемесинин мектептеги өзүн-өзү башкаруусуна карашуу укугун ишке ашыруу.
2.2Мектептин өзүн-өзү башкаруусунун милдеттери:

- Бирдиктүү форманы түзүү аркылуу билим берүү тутумун түзүү:
- Инсанды жалпы адамзаттын баалуулуктары менен тааныштыруу, мектептин коомдук турмушуна катышуу аркылуу социалдык нормаларды киргизүү:
- Өзүн көрсөтүүгө, өзү-өзүн тастыктоого жана ишке ашырууга шарт түзүү.

2.3 Мектептин өзүн-өзү башкаруусу эмгекке тарбиялоону жана кесипке багыт берүүнү, класстан тышкары тарбия иштерин уюштурууга өзүн-өзү кызмат кылууну өркүндөтүүгө, окуучулар арасында коомдук менчикке болгон сый мамилени калыптандырууга, мектеп окуучуларынын аң-сезимдүү дисциплинасы жана өзүн алып жүрүү маданияты, мектептин ички эрежелерин, бирдиктүү талаптарды бардык окуучулардын аткаруусуна өбөлгө түзөт. Кеңеш билим алууда өз ара жардамдашууну уюштурушат.
2.4 Сабактар боюнча олимпиадаларды, кечелерди уюштурууга жана өткөрүүгө жардам берет.
2.5 Мектеп парламенти мектеп окуучуларынын эмгек бирикмелерин түзүүгө катышат, алардын эффективдүү болушун уюштурууга ар тараптуу салымын кошот.
2.6 Мектеп парламенти мектепке өзүн-өзү тейлөөнү уюштурушат, класстарды, класстык бөлмөлөрдү жана башка жайларды тазалоо , мектептин аймагын көрктөндүрүү, класстарды жана класстардын шаймандары коопсуздугуна өбөлгө түзөт.

3. Мектеп парламентинин иш-милдеттери